
Ш. ЭСЕНКУЛОВ



# КАДАМ



ШАКИН ЭСЕНКУЛОВ

# КАДАМ

ЫРЛАР

„МЕКТЕП" БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ—1972

**Шакин Эсенкулов**

**ШАГ**

Стихи

*На киргизском языке*

**Для юношества**

Редактор *Б. Кубатбеков*
Худ. редактор *М. Ахмедов*
Техн. редактор *А. Андашова*
Корректор *Г. Садабаева*

Терүүгө 6/IV 1972-ж. берилди. Басууга 2/VI 1972-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 60×
×90¹/₃₂, 1,75 басма табак, 1,59 учёттук басма табак. Д—07360. Заказ № 1073. Тиражы 3000. Баасы 8 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, Кирг. ССР,
ул. Жигулевская, 102. Киргизполиграфкомбинат
Главполиграфиздата Мин. культуры Кирг. ССР.

# I ИШЕНИМИМ — УЛУУ ЖУРТ

## МЕНИН КАНЫМ

Көңүлүмдө: алчалуу бак гүл өскөн,
Ак канаттуу максаттарга сүрөөчү;
Арасына ууз сүйүүнү түнөткөн,
Менин каным — кызыл гүлдүн ширеси.

Ишеничим — түпкүрлөрдөн сыр ачаар,
Идеалдар ортосунун устуну;
Жүрөктөрдүн каткан черин жылытаар,
Менин каным — кызыл оттун учкуну.

Кумдуу чөлдүн аптабы бар канымда!
Перилердин шаттары бар канымда!
Бүт дүйнөнүн тагдыры үчүк ооруган,
Бекем сырдын капкагы бар канымда!

Менин каным — жазгы жердин деминен,
Менин каным — жашыл төрдүн желинен.
Ук, замандаш! Менин каным жаралган
Балдай таттуу ынтымактын теринен.

Ошол үчүн — чырдашууну жек көрөм,
Ошол үчүн — капалансам бөксөрөм,
Ошол үчүн — адамдар бүт сүйгөнүм,
Ошол үчүн — жек көрүүнү жек көрөм...

## ТОЙ

Тоолукта тоолордой адат бар,
Тоолукта тоолордой кабак бар.

Келгиле, коноктор, үлпөткө:
Шаң менен ачылат эшиктер,
Шаң менен дасторкон жайылат,
Шаң менен тартылат кешиктер,
Салтымды төрүмө өтүп көр!

Келгиле, коноктор, үлпөткө:
Кош колдоп кымыздан узатат,
Ай кабак келиндер кашкайып,
Астыртан сыр сурап, ыр сунат,

Бураң бел ак кыздар назданып,
Күү чыгат обонду коштогон,
Күлкүлөр... күлкүлөр таш жарып.

Үйдө шаң, эшик шаң, баары шаң!
Той күнү өмүрлөр жашарат.
Каз катар тигилип боз үйлөр,
Кермеде күлүктөр азанап.

Келгиле, коноктор, үлпөткө:
Колтуктап мингизип жоргого,
Сүрөөлөп чыгарып байгеден,
Сый менен кабылтат олжого.

Аргымак жалына оронгон,
Аргымак жалында торолгон,
Аргымак мүнөздүү кыргыздын
Чалкыган пейилин болжобо!..

Тоолукта тоолордой адат бар,
Тоолукта тоолордой кабак бар!..

## ЧАКЫРУУ БИЛЕТИМ

Мен телчиктим.
Каз-каз туруп
Кадам шилтеп жаңыдан.

Тууган элди,
Туулган жерди,
Курчап турган
Бүт дүйнөнү тааныдым.
Мага болгон сүйүүлөрү
уудай таза баарынын.
Улуу тоолор
мени үмүттүү карашат.
Мен даярмын!
Ал анткени
силер үчүн төрөлгөм.
«Намыссыз» де,
өзгөлөрдөн
калган болсом
эгер кем!
Элине арнап,
таң ырыскы чачканда,
мага чоочун кур жатуу,
аракетим, улуу максат:
тэ-э бийиктен шоола төккөн
маякка
жетүү үчүн —
күндө жаңы,
күндө узак
жол басуу.
Бирок билбейм,

мүдүрүлөм, жыгылам —
жөндөмсүздөй,
өр талаша чыгуудан.
Көрсө элим:
милдетиңер бар тура,
кесип коюу —
менин тушоомду.
Чакырамын
бүгүн тушоо тоюма
бүт дүйнөнүн элдерин.
Мага бакыт тилегендер,
мага калыс карагандар
келишсин.
Кытмыр күлбөй — кабак жазып,
Кымбат баалуу сөзүн айтып,
ак тоюмду көрүшсүн.
Тээ алыска
катар туруп баарысы,
жол талаша,
мага чейин чуркашып,
эң күлүгү
чыгып келип алдыга,
кесип өтсүн
менин жибек тушоомду.
Алды жакка — сүрөп жөнөп,

элды жакка — жиреп жөнөп
топ бузуп,
баары калбай курчашып!
Шарты ушул үлпөт куруп
мен чакырган себептин.
Калыс элдер келишсин деп,
сын өткөрүп көрүшсүн деп,
жеке колум коюлган
билетимди — чакыруу
төгөрөктүн
төрт бурчуна жөнөттүм...

## МЕН

Көңүлүм айыкты жар салып,
Өсүпмүн бутаксыз теректей.
Өмүрүм чоң жолдо даң салып,
Тоскоолдон капарсыз, чым этпей...

Койнума жылаандар кирсе да,
Ак чачып узаттым неченди.
Арсызга ишеним калтырдым,
Жиндиге теш тоскон мас өңдүү.

Сулууга жар болсом дебедим,
Улуугa пар болсом дебедим,
Дүйнөгө тоюнбас көз арткан,
Кызганчаак чал болсом дебедим.

Кеңешин айтышат досторум:
«Турмушта бардыгы керек» — деп,
Чыныга чалсам да чогултуп,
Ичпедим чындыктан бөлөк кеп.

Абийирим мага эрк бербеди
Үлүлчө жашынып жашоого,
Абийирим мага эрк бербеди
Турмушка баш уруп жашоого!

## ДОСТУК ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Дос!..
Байкадыңбы
Ушул сөздүн бийиктигин?
Туюлдубу
Мурунтадан кулактарга
сиңип калган,
катардагы
көп сөздөрдүн бириндей?

Сен эмесе дос жөнүндө
Ойлонуп көр кайрадан:
Турмуш өзү
достук менен жаралган.
Достук күчү бүт дүйнөгө
таралган.
Эгер достук болбосо: —
биз жашаган планета
быт-чыт болуп бөлүнмөк.
Демек достук ченеми жок
улуу күч,
ширеп бүткөн адамдан.
Бул сөздөрдү менсиз деле
билериңе ишенем,
сенде дагы,
менде дагы
достугубуз күчөгөн.
Бирок сенин достугуңа
ичим чыкпайт, замандаш:
жаман көрсөң, жаман көр,
арак менен,
пара менен,
бийлик менен
дос болуп,
өткөндөн соң
эң керектүү бир учур,

жылуу-жумшак
саламдашуу токтолуп.
Нак ошолор —
пейилдердин бузугу.
Дос дебечи,
дос дебечи
ушуну!..

Абал мурун:
кучакташып,
ызатташып
бир-бирин,
Бара-бара
башка чыгып максаты:
адаттанып алдыртадан наздашуу,
уялышкан
аяшына көз артып.
Калыс болчу
ушул сөздүн чындыгына,
уят барбы,
өлүм барбы
мындан артык?!.

Сүйлөшкөндө ичтерине
сырын катса кенедей,
өз көөдөнүн бийик кармап,
жолдошуна теңебей.

3—1073

Ортолорун шек санашуу каптаса:
О, булардын
таттуулугу жоюлган,
күч тирешкен
душман менен барабар.

Окуп жатып кошулбастан:
кара кылды как жарууга
жараган,
достук туусун көтөрүүнү
самаган
менин таза оюма
маани бербей
кол шилтесе кимде-ким,
ортолорго өзүн зордоп
кыстарган,
Көлөкөдөй узарган да кыскарган
бузукулар ошолор...
Анык достор:
бири-бирине
так өзүндөй ишенет.
Бирге бөлүп
кубанычын, кайгысын,
Бирге көрүп
жайсыз ишин, жайлуусун,

досчулугу күчөмөк.
Бекем койсок
досчулуктун устунун,
анда ага неберелер,
чөбүрөлөр
таянып,
атыбызды
сыймык менен аташат.
Өздөрү да,
дүйнө дагы
досчулукта жашашат.
Эгерде сен мекен үчүн оорусаң,
Эгерде сен —
элиң үчүн оорусаң,
ажырашпас,
аппак таза достукка
канат, бутак жаялык.

## МЕН КЫРГЫЗДЫН УУЛУМУН

Үйү болгон эзелтеден көктө жылдыздын,
Көркү ажайып, көз талдырган ээси
чындыктын.
Ала-Тоодо ат салышып, бүркүт таптаган,
Мен уулумун — шамал жиреп өскөн
кыргыздын.

Бейпилдикти сүйгөн элим,
Мен силерди чакырам
Белгилөөгө бүгүн туулган күнүмдү.
...Ушул кезде көшүлүп жер,
Кубанычтар ташыган,
Энем угуп эң биринчи үнүмдү.

Тоолор башы эс алгандай,
Кара булут арылып,
Асман бети жылдыздарга толгондо
Төрөлүпмүн. Эстейт энем
Ысымыма жалынып,
Жыл айланып жеңиш күнү болгондо.

Канды кечкен агаларым,
Жалын кечкен талыкпай,
Эл бактысын, жер бактысын талашып,
Жеңиш үчүн кол көтөргөн,
Кол көтөргөн салюттай.
Жатса дагы жүрөгүнөн кан атып!

Аккан кандар толкун болуп,
Селдей каптап батышты,
Төрөлгөндө: бакты, таалай, жеңиш тең!
Тынчтык менен оозандырып,

Жүзүмдү аачып энекем,
Эң биринчи ууз сүтүн эмизген.
Так ошондо аташыптыр
Жеңишбек деп атымды,
Алып жүрөм айтып бүткүс учурду.
Калкым, сага карызым көп
Акташ үчүн татымдуу
Мага тапкан, мага таккан ысымды!..

## II ТЯНЬ-ШАНЬ ПАНОРАМАСЫ

### МЕНДЕГИ МАКСАТ

Көргүм келип
Тянь-Шандын сүрөттөрүн
Көтөрүлдүм асманга.
Өз гүлүнөн боёк кылып,
Кистини алып камындым,
Мекенимдин портретин тартканга.

Алыс кетип калуучудай,
Колун сунат чокулар.
Карагайлар бутактарын булгалап,
Көз жетпеген мейкин талаа
Төшөп түстүү килемин,

Жалынгансыйт,
Кагылгансыйт
Карааныма Мекеним!
Ал ансайын жүрөгүмдүн
тамырлары
Кабат, кабат чырмалат.
Анан кантип
Сенден алыс кетемин!..

Ак чач тоолор
Камыңды ойлоп:
Аяктарга
Мелт-калт куйган кымыздай,
Сунуп турат
Туш-тушумдан:
Ичип ал деп,
Жутуп ал деп
Соң-Көл, Ай-Көл,
Сулуу Чатыр-Көлдөрүн.

Мен ойлодум анда олтуруп:
«Карт Тянь-Шань жүзүнө
Кандай боёк сыйпасам?..»
Кайра астыртан

Көз чаптырсам
Сен жүзүңө,
Эндик сыйпап алыпсың!..

Толук тартып сүрөтүңдү,
Ушул сапар бүтпөдүм.
Керек болсо дагы ашырып
Милдетиңди жүктөгүн,
Аткаруудан мен тартынар бекемин?
Ишенип кой,
Ишенип кой,
Мекеним?
Азыр капа болбосоң:
Портретти тартып бүтүп,
Бүтүн дүйнө көргөндөй,
Бүтүн аалам билгендей,
Бийик чыгып,
Бийик кылып,
Ыйык кылып
орнотом!!!

## ГҮЛҮН КӨРЧҮ

Гүлүн көрчү Тянь-Шандын, гүлүн көрчү,
Көңүл сүйгөн кишиңе бирин берчи!
Кумарлана жыттаса жарпың жазып,
Күлүңдөшү күчөмөк, күлүңдөшү.
Ал анткени түгөнбөс кубаты бар
Жүрөктөрдүн кылдарын дирилдетчүү!..

## ЖАГОО ТАКТЫ МОЙНУНА

Түндүгүн тартса чыгыш жак,
Суйсала түштү таң ыктап.
Жылдыздар жолун бошотту...
Келгенин күндүн табыштап.

Аңгыча чыгып жай гана,
Кирпигин ача койду, ана!..
Тянь-Шанды куттуктап,
Жагоосун такты мойнуна.

## СОҢ-КӨЛ КЫЛААСЫ
### (түгөнбөс сулуулук жөнүндө сөз)

I

Баратты күн
Жыйнап кызыл ленталарын.
Чымчыктар жай издешет
Жарыялап түн кабарын.
Эң акыркы учкундары
Аймалады көлдүн бетин,
Чагылышуу,
Сагынышуу,
Моюндаша кириңди.
Өчпөй турган жылуулугун
Көл койнуна кымтып, кымтып
сиңирди.
Тоолор башы
Кызыл жоолук байланып,
Сулуу гүлдөр ашыгышат
Калышканы күндүн нурдуу
Эндигинен сыйпанып.
Арка жактан келе жатты
Эңиш тартып караңгы,
Нымдашып жер,
Жан көшүлтөр,

Нагыз бышкан уйку алып.
Тээ тигине —
Кишенешет жылкылар.
Аркы беттен кокту толуп бөреги
Короо жакка койлор чубап жөнөдү,
Кыркалекей,
Калбай толук,
Мончок болуп,
Тизилишчү салты бар.
Жердин үстүн уйку каптап жөнөдү.
Антсе деле токтободу
Тиричилик ченеми.
Бул убакта Соң-Көл тынбай,
Шашып жатты,
Жазып жатты
Музыка!..
Туу чокуда кары турат
Укуругун таянып,
Бул бейкуттун ээсиндей...

II

Чокудагы
жапыракай
арчалардын бутактары
Шыкаалатты айдын көзүн.
Анын жибек кирпиктери

Баштады оюн
утурлап,
кытыгылап,
көлдүн бетин.
Каалгыды ай,
аркан бою көтөрүлүп,
Соң-Көл бетин күзгү кылып каранды.
Рахатка
балкытып бой,
калкышып жай,
камырабай,
уктап жатты аккуулар.

Бул убакта
Соң-Көл көшүп
Тынчыбады мүнөткө,
Жер шарынын жаңылыгын,
жаңырыгын,
айдан алып
жазып жатты нотага.

III

Тээ алыстан кайталанат,
Сүтактардын
Түгөнбөгөн обону...
Бүт карашат,

суктанышат
көктө планеталар!
Шайыр көзүн кыбыңдатып,
жымыңдашып,
гүл чачып жатты жылдыздар.

Гүлдөр түштү,
Соң-Көл бети
бир ажайып жайнады.
Ошол кезде,
Үкү тагып чокулардын башына,
Карагайлар таякчасын шилтеди.
Соң-Көл жазган музыканы
ойноп кирди,
бийлеп кирди
бүт Тянь-Шань аймагы.

## IV

Торгой үнү безеленип,
Тиричилик башталды.
Чыга келди чыгыш жактан
ак дасторкон жайылып,
ошол замат көктөгүлөр
көздөн кайым болушту.
Соң-Көл багыт

жагалданып,
тосту күндү сагынып.
Соң-Көл кайра
шашып жатты,
жазып жатты
түгөнбөгөн музыка.

V

Кылаасынан Соң-Көлдүн
кочуштадым сулуулукту,
сулуулукка тойбодум.
Даярдалган музыканы угууга
Мажнун болуп,
Жаңы гана ойлондум.

## ЖЫЛДЫЗДАР УЯСЫ

(Жаратылыш
Бүт ааламдын кооздугун
иргеп келип,
Жалгыз сага калтырганбы,
Ай-Көлүм!..)

Алыс жактан атыңды угуп,
Касиетиң азгырып,

Келдим сага сагынычты теңденип.
Жатыптырсың нур чыгарып,
Ыр чыгарып койнуңдан,
Ала-Тоонун терезеси өңдөнүп!..

Конуш кылып эзелтеден,
Чокулардын-чокусун.
Арчалардын коюнуна жаралган,
Кеч киргенде сенден чыгып,
Сенден учуп жылдыздар,
Көк асманга топчу болот кадалган.
Адатыңча бүт аймагың,
«Кыз оюнун» баштады.
Карагайлар сөйкөлөрүн ыргашып,
Чечен булбул тилин кайрап,
Үн кошуудан качпады,
Магдырашты жан-жаныбар ырга
шык.

Кайберендер чубап келип,
Сакалдарын малышты.
А сен болсоң ийип жаттың бой
жазып.
Ал аңгыча издеп келип,
Өпкүлөдү бетиңди,
Келбетиңе болгон белем ай да
ашык.

Күн чыккансып алакандан,
Ажарыңды чайкады
Жанып жаткан тоонун асыл таштары.
Жээкти чымчып моюндаштың,
Кагып коюп кашыңды,
Эске албадың бейкуттуктан башканы.

Кош дедим да, башымды ийкеп,
Узап барам жаныңдан,
Алкышымдан башка нени айталам.
Келгенимден артты жүгүм,
Алдым толгон дүнүйө,
Анын баарын боёк кылып,
Кайра өзүңө тапшырам!

## КӨЛ КҮЛКҮСҮ

Көлдү карап, көңүлдөнбөй ичимен:
— Күрп-күрп онтоп күңгүрөнөт, — дечү
элем.
Жүгүрүп жээкти бойлошо,
«Жоолук таштап» ойношо,
Көп толкундар кыткылыктап жатыптыр,
Көңүл ачып көрүп келдим кечээ мен.

Шаша келип жээкте кумду өпкүлөп,
Кайра жөнөйт качкан өңдүү: — Жетчи,—
деп
Өрмөк сокkон уз өңдүү,
Өзгөрүлтүп бүт өңдү,
Өркечтөнө чач мончогун тагынып,
Кумду келип кытыгылайт эзгилеп.

Кайра качып, кайра түсүн алмаша,
Кыткылыктап кум мойнуна жармаша.
Күчөй-күчөй эркелеп,
Айткан өңдүү: — Ээрчи,— деп.
Жөнөй берет ак жоолугун булгалап,
Кайра келет кантет ээрчип барбаса...

Көлдү карап, көңүлдөнбөй ичимен:
— Күрп-күрп онтоп күңгүрөнөт,— дечү
элем.
Жүгүрүп жээкти бойлошо,
«Жоолук таштап» ойношо,
Көп толкундар кыткылыктап жатыптыр,
Көңүл ачып көрүп келдим кечээ мен.

# III ТҮШТҮК БЕРГЕН ТҮШҮМДӨР

## АЛП ДАРБАЗА

Бурганак...
Булут тешкен тик чокуга жеткенде,
алгым келди
Кайра артымды бир карап.

Тээ ылдыйдан
Ийри-буйру жол келет,
шатысындай космостун.
О, шумдук ай!..
Мен асманда турупмун.
Үрөй учуп,
Суук сезимде
Элим менен коштоштум.
Кайра бойду жыйганда
бийлеп кетти кубаныч,
алп жериме
бутум тийип турганга.

* * *

— Алкыш айтып жүрөктөргө,
күч сыйбаган билектерге!..

Жарып өтүп баратамын мен бүгүн,
ошондогу үрөй учкан
Төө-Ашуунун киндигин.
Магистрал...
Кан тамырдай бириктирди
Кыргызымдын

Түштүк менен түндүгүн.
Ала-Тоонун коюнунан
Алп дарбаза ачылып,
Менменсинген Төө-Ашуу
Эл күчүнө баш уруп.
Жүргүнчүлөр кубанычта алкашты.
Чеке жардым мен кошо,
Кубанбайсың эгер сенде
таза жүрөк болбосо!..

Алп дарбаза тосуп алды
дасторконун бүт күлкүгө толтуруп,
күлкү менен
кирип кеттик туннелге
автобуста олтуруп...

## ОШТО

Ак-Буура
агып жатат
        туштугумдун
журөк каны өңдөнуп.
Эски шаарды,
жаңы шаарды
        тең бөлуп.

Көчөлөрдө:
жузу жарык адамдар,
кундө майрам,
эмгектеги
        ырыскысын тең көруп.
Короолордо:
шагын иет жемиштер,
шаңдуу обонго,
шат кулкугө термелип.

А, тетиги Сулайман-Тоо заңкайып,
алоолонгон жалын куйөт башында.
Олуялык тугөнгөн бейм
суусу менен ташында.
Төштөрундө пионерлер
гул өстуруп журушөт.

— Мынча неге ооз ачасың? —
деди досум күлүңдөп,
— Сулуулукка!..
— Түштүк өзү кенен жер,
Көрө турган жериң көп.
Сулуу жайлар,
сулуу жайлар,
сулуулар бар
мекендеген жеримди.
Ош — жөнөкөй башталышы,
Сулуулар бүт али алдыда.
Андан көрө өзүң сак бол,
Жүрөгүңдү «бузуп» алба!..

## БЕРЕКЕ

Алыс жактан арзып келип,
Ак «бадырак» талаага.
Ысып денем этек алдым,
Ышкы бүтүп мага да.

Жандай түштүм Кара-Суунун
Бир теримчи кызына.
Тең тайлаша терип кирдим,
«Теңелсем,— деп,— ушуга».

Бара жаттым агатты кууп,
баш көтөрбөй кызыга,
— Агай,— деди алиги кыз
Уялыңкы кысыла.
Кош чанакты тагып берди
Жүрөгүмдүн тушуна.

Ал күн бою бирге жүрдүм,
Сөзүн угуп Мейистин.
Рахаттуу эмгектенип,
Кечке пахта териштим.

Сактап жүрөм ал белекти
кымбат баалуу немече.
Эмгегиме, сүйүүмө
Берип жатат береке.

## КАРА-АЛМА

Күн көргөзбөй
Түнт токой...
жыш жалбырак чүмкөнөт.
Алма,
жаңгак,
алчалары
        шагын иет,
Сулуу кыздын көздөрүндөй
                                        мөлтүрөп.

Не бир укмуш канаттуулар тил
безеп,
кооз токойдун көркү экенин
билгизет.
Бу не деген жаратылыш!..
бу не деген жемиштер!..
Толук көркүн
жеткире албайм ыр менен,
тирүүлүктө
Атайылап келип көр!..
Болук,
болук
жаңгактары
Кайда батып сыйылат?!
Жер шарынын картасына
Чекит болбос Кара-Алма,
жемиш жактан
бүт дүйнөнүн
кампасындай туюлат!..

Баратамын жогумду издеп,
Тереңинен кез келер.
Эх, чиркин ай!
Жанымда азыр
сүйгөн жарым болсо эгер...

## САЛТ

Дасторкондо — жер-жемиштер жайнады,
Патнуста — «толукшуган ай» наны.
Идиштерде — эжигей жыт набаттар,
Батпай турду бал, сары май, каймагы...

Эшик жактан келин шилтеп жай кадам,
Жалгыз чайнек чай апкелип кайнаган.
Чекедеги муруттууга жылдырып,
Жыла басып чыгып кетти кайрадан.

Бир чайнектен, бир чыныга куюлду,
Куюлган чай мурутчанга буюрду.
Ал кенебей, чайкап ичип бүткөн соң,
экинчиси катарына сунулду.

Кезек күттүк. Кезектештик чынны,
Курсак тойду. Бирок айтсам чынымы:
Берекелүү дасторконду кор кылган
Бекерпостун иши тура чыныгы.

## КАРА-МАРТ

Кылым көлүн толтурууга
күндөр агып саналат.
Турмуш кызык,
өмүр тойбос
өзгөрүүлөр жаралат.
Көңүлүмө картинадай
Көргөн күнүм мага жат.
Өткөндөрүм
эскеремин,
өскөн жерим
          Кара-Март.
Эчен жылы алыс кетип,
кайра көрүп өзүңдү,
жаш кезимде
          жүзүн көрбөй,
          жытын билбей,
          жоого кеткен
Атакемди көргөндөй
бүт делебем эзилди.
Мен издедим
Жалаң аяк жол чаңыткан
                              изимди.
Кызга арнап
эң наристе сүйүүмдү,

жел ойногон саамайына
алча таккан кезимди.
Көрүнбөйсүң,
билинбейсиң,
        таттуу күндөр,
кайда качып бекинди?!.
Алмалуу бет,
отун алчу колоттор,
берекелүү дасторконуң
                        жайылуу,
жийде жедим,
жаңгак жедим
        аралап.
Жыпар жыттуу
коюнуңа кир жукпас,
жаштыгымды
катып кеттим аманат.
Сен кенебес жаралгансың,
А мен сени
        тун уулумдай
Сагынамын, Кара Март.

## СЕЗИМИМ СЕНДЕН ОЙГОНДУ
### (Кыз-көлгө)

Амал издеп чачкын ойду жыйгара,
Ачпай кабак, чыйрыгамын кыйнала.
Чың чыгарма жаралбай,
Чыйрак сезим таба албай,
Серпиндилер себеп болор бекен деп,
Сени айланып басып жүрдүм кыйлага.

Кечки шамал беттен сылап жай гана,
Көрктүү түсүн жамынышты айлана,
Көк түсүңө тартылып,
Күчөп сугум артылып,
Кылдай ишим болбосо да кылчактап,
Кетким келбей тура бердим байрала.

Майда толкун сылап өтсө шиберди,
Тамчылары бермет өңдүү ширелди.
Ал толкунуң мага да
Артык сезим жарата,
Жашырынган лириканын учкуну
Жүрөгүмдү кытыгылап жиберди...

# IV КАВКАЗ БАШАТТАРЫ

## ЖАШТЫКТЫН СУУСУ
(уламыш)

Түгөнгүчө денесинен күч-алы,
Түшпөй минген түк жемишсиз иш аны.
Үрөң-бараң үйдөн чыгып кыдырды,
Үнсүз турат кечээ салган тузагы.
Турмушуна көндүм болгон курган чал
Терин аарчып, ташка олтуру ызаалуу.

Жакын калды о дүйнөгө кайтары,
Өлүмдү эстеп, тез жек көрдү кайта аны.
Ойго чөмүп отурду чал. Бир кезде
Таш түбүнөн мөл булакты байкады.
«Суу да болсо таңга маалкы ырыскы»
Деген ойдо ага колун чайкады.

«Даңкты күткөн дүйнөң менен куруп кал,
Кайда кеткен бизге арналган ырыстар?!»
Оор үшкүрүп, энчисине суу ууртап,
Колун сүртүп, кетмек болду туруп чал.

Ал аңгыча бир керемет иш көрдү:
Тарап жатты манжаларда бырыштар.

Таң каларлык бир жолуккан сыр ушу,
Сыйкыр болуп калбасын деп турушу.
Бети-башын чампалады суу менен
Денесинде калбас үчүн бырышы,
Оо, чын эле бүткөн бою чытырап,
Бүт карарды чачы, сакал, муруту.

Жигит болуп, үйгө келсе көңүлдүү,
Тааный албай кемпир ага тигилди.
Болгон ишти, булак жайын айтты эле
Чал сөзүнө кемпир укмуш сүйүндү.
Жаштыкты эңсеп унут калган арттагы,
Жан талаша булак жакка жүгүрдү.

Чал унутуп турмуш салган тактарын,
Ойлоп кирди оокат-тирлик, аш жагын.
Жаштык деми көңүл отун жандырып,
Тегиздеди сакал-мурут, чачтарын.
Күтүп жатты үмүт туйлап кепеден
Кемпиринин келин курак жаш чагын.

Кечтей берип убакыттын арты улам,
Келбеген соң, издеп чыкты артынан.

Өңгө тойсо көз тойбойт ко бакытка,
Кемпир сууну ашык ичип шартынан
Ойнол ташта наристе кыз олтурат,
Эч иши жок үй-бүлөнүн салтынан...

## ИЗДЕР

Бейтааныш эл,
Бейтааныш жер.
Болбосо да күткөнүм.
Тез жолугуп сырдашчуудай
Жакынымды издедим.
Кайда барам, кайдан табам
Таанышымдын издерин?

Издер жатат, издер жатат,
Болжол чеги сезилбейт.
Бу дүйнөдөн
Асыл сапат,
Адал жашап
өткөндү
Бул ыйык жер өчүрбөйт.

Мен ичкен суу шор даамданат,
Ал Бэланын

Көз жашынан тамгандыр.
Мен ичкен суу кайнап турат,
Ал Бэланын мээриминен
калгандыр.
Береги таш супага окшош
Лермонтовдун кыялданган
жери бейм.
Аскалардан суу тамчылайт,
Азанаган аргымактын тери
бейм.
Калың токой күңгүрөнөт,
Михаилдин уюп калган чери
бейм...

Не болсо да тирүүсүндөй
Тосуп алды
Мага жакын адамдар.
Жүрөккө бек орноптур
Алар баскан кадамдар.
Суусун ичтим,
Баскан изин эскердим.
Ак дилимден аларга
Алкыш айттым,
Башка кандай чамам бар?!

## ЛЕРМОНТОВ МҮРӨГҮ

Булак агат,
Булак агат чоргодон,
Кимдер ичип,
Кимдер мында болбогон.
Ырыскымдыр
Менин алар турмуштан.
Алда кайдан арзып келип,
Артык көрүп бул сууну,
Дары ордуна колдоном.
Бирок дайым
Ушул жерде
Бүтпөй жаткан
Жумушум бар сыяктуу
Күтөм,
Издейм...
Бир белгисиз нерсени,
Карбаластап,
Ызаа каптап
денемди,
Алыс кетпей толгоном...

Бадырайган жазууну окуйм
таштагы:
«Улуу акын

Жыйырма жети жаштагы,
Ал — Лермонтов алыс кеткен
атагы,
Бул булактан
Пайдаланган көп ирээт».
Тамгалары
Бүгүнкүдөй жапжаңы.
Булак агат
Мөлтүр кыздын көзүндөй,
Өмүр өтүп
Улгайганы сезилбей.
Белек кылып
Таштап кеткен мындагы,
Аккан өңдүү
Михаилдин ырлары,
Өзгөлөрдөн кызганып,
Ичким келет
Бир тамчысын кетирбей...

## ПОЭЗИЯ ЧЫНАРЫ

Кавказ ичи токойго бай, жыш келет,
Араласаң: ар кыл урук жүз бөлөк.
Ошончодон бир дуб көрдүм, сүйлөштүм,
Мына быйыл төрт доор жашап өткөрөт.

Өзгөлөрдөн артыгы жок таң атар,
Бийик эмес (бою балким дагы өсөр),
Бирок уксаң, көп жашаган ушул дуб
Акын менен мага болду дáнакер.

Бир кезекте курбуларча сырдашып,
Бул музыка түгөнбөгөн анда шык.
Эчен күндү өткөрүшкөн энчилеш,
Күү ташкындап, ал түбүндө ыр жазып...

## КАВКАЗДЫ ТУМАН КАПТАДЫ

М. Лермонтов жыгылганда Беш-Тоонун башын кара туман каптап, чагылгандуу катуу жаан башталып келаткан эле.

(Секунданттын эскерүүсү).

Кавказды туман каптады,
Беш-Тоонун мойнун кучактап.
Кара шал жоолук байланды,
Көз жашын төгүп Машук жак.

...Ал күнү Кавказ түтөгөн,
Ал күнү бороон күчөгөн,
Ал күнү аза күтүшүп,
Көкүлүн жазган бүт өрөөн.

Ак жүзүн үйрүп замандан,
Чагылган тилин жаланган.
Энедей күйүп Эльбрустун
Эки тал чачы агарган.

Ошондон бери булуттар
Беш-Тоодон дайым кез келет:
Түгөнбөс жашын агызып,
Акынды күндө эскерет.

Кавказды туман каптады,
Беш-Тоонун мойнун кучактап.
Кара шал жоолук байланды,
Көз жашын төгүп Машук жак.

## V ЖҮРӨК ЫРГАКТАРЫ

* * *

Сейрек чыкчуу кызыл гүлдөй сабы ак,
Сен көзүмдөн кетпей койдуң ар убак.
Узатарда улутунуп калганың

Ушунчалык жүрөгүмө жагылат!
Күндө жаңы күлкү кечип жүрсөм да,
Көңүлүмдүн кептерлери сага ынак.
Сени карай кеткенсиймин бөлүнүп,
Сансыз аппак козулардай жамырап.

* * *

Жашоого төрөлгөндөн өлгүчөктү
Ишенбей өтүп кетүү кандай азап.
Турмуштун адат болгон ак-карасын
Түшүнбөй өтүп кетүү кандай азап.

Тагдырлар таразасын көрүп туруп,
Ченебей өтүп кетүү кандай азап.
Уу сөздөр тикенектей сайгыласа,
Кенебей өтүп кетүү кандай азап.

Ак эмгек ширесинен кочуч толо
Өзгөчө бербей өтүү кандай азап.
Апаппак максат менен сапар алып,
Жер жүзүн көрбөй өтүү кандай азап.

Жашоодо жалгыз чекит так коё албай,
Турмуштан актай өтүү кандай азап.
Өмүргө бир келүүчү бакыт алып
Сүйүүсүн татпай өтүү кандай азап!..

## МЕН САГА БАРГЫМ КЕЛЕТ

Өзүмдү ээндикте өскөн жанга теңеп,
Турмуштан кусалыкты алдым демеп.
Жаштыгым кайып болуп кетсе дагы,
Мен сага баргым келет, баргым келет!

Мен сага баргым келет, баргым келет,
Күлкүнү сенден ууртап алгым келет.
Үйүңдөн мен отуроар жай таппасам,
Каалгаңа тутка болуп калгым келет.

Мен сага баргым келет, баргым келет,
Нур алып кайра баштан жангым келет.
Болоттой курчуп келип, душманымдын
Койнуна кызыл чокту салгым келет!..

Мен сага баргым келет, баргым келет,
Күтүү бар, бул жашоодо бармын демек.
Сен мени күтө берчи өмүр бою,
Мен сени сагынганым жанга себеп...

* * *

Сен менин — чынарымсың көктөй турган,
Сен менин — кумарымсың көксөй турган.
Сен менин — калканымсың, кыйындыкта
Душмандын уулуу огу өтпөй турган.

Сезимдин кайыгысың чөкпөй турган,
Көзүмдүн байырысың өчпөй турган.
Сен мага — жакшылыктын бардыгысың,
Жолум жок сен аркылуу өтпөй турган...

## КАТЫЛУУ ЖҮРӨТ

Келатып айыл четинде,
Жумуштан кайтып кечинде.
Өткүндүн сабап өткөнү
Калды бекен эсиңде?..

Суу болбой бадал астына
Туралы дедим шаштыра.
Болбостон турдуң жамгырдын
Кытыгысын жактыра.

Секелек кыздай каткырып,
Тамчыны тосуп ойнодуң.
Эскирбес кылып ошондо
Сүйкүмүңө тойгомун!

Тамчылар жууп бетиңди,
Чыптады көйнөк этиңди.
Ансайын ачкан ажарың
Өзүңө кайдан сезилди?!

Аңгыча өткүн басылып,
Булуттар кетти ачылып.
Дал ошол күнкү элесиң
Жүрөктө жүрөт катылып.

## АЙТАЛБАЙ ЖҮРӨМ

(Кыздын ыры)

Өтсө да күндүн нечени,
Таттуу элес ойдон кетеби?!
Сүрөттөй көзгө тартылат
«Сулуу төр» кыраң этеги.
Уяң жүздөшө,
Сөздөр издеше,
Тулаң аралап,
Бараттык сырдуу тиктеше.

Аңгыча асман бүркөлүп,
Аскалар парда чүмкөнүп.
Чагылган тилин жаланып,
Катуулап кирди күн төгүп.
Карап көзүмө,
Аёоң сезиле.
Назик имерип,
Башымды каттың төшүңө.

Жүрөгүң дүк-дүк урганы
Ансайын күчөп ырбады.
Аяган болуп ыктасам,
А дагы такат кылбады.
        Учкун чачылып,.
        Жүргөн катылып,
        Сезсем да шондо,
Айталбай жүрөм батынып...

## СЕН ЖОК ЖЕРДЕ

Аппак таңда биригишкен жүрөктөр.
Аппак таңга киринишкен тилектер.
Башты ийүүгө даяр болдук турмушка,
Ак сүйүүгө аралашкан ширеп жер.

Аппак таңда аппак шаңга кез келип,
Гүл бакчамды сага бергем өткөрүп.
Андан бери мөмөлөдү ортобуз,
Мезгил сызды өмүрлөрдү бөктөрүп.

Жаштык кетсе — ал шаттыктын үрөөнү,
Туурубузга барчыныбыз түнөдү.
Күндөр өтсө, кайтарына ишенбейм
Жүрөктөгү ак сүйүүнүн илеби.

Кол кармашып эмгек майын калпыдым,
Канатымсың, жан күйөөрүм, артыгым.
Сезимимди жашылданттың гүл тигип,
Сен жок жерде мен ар убак жартымын.

## МАЗМУНУ

**I Ишенимим — улуу журт**
Менин каным . . . . . . . . . . . . 5
Той . . . . . . . . . . . . . . 6
Чакыруу билетим . . . . . . . . . . 7
Мен . . . . . . . . . . . . . . 10
Достук жөнүндө жобо . . . . . . . . 11
Мен кыргыздын уулумун . . . . . . . 15
Кыргызстаным . . . . . . . . . . . 17
Ысмым . . . . . . . . . . . . . 17
**II Тянь-Шань панорамасы**
Мендеги максат . . . . . . . . . . 19
Гүлүн көрчү . . . . . . . . . . . 22
Жагоо такты мойнуна . . . . . . . . 22
Соң-Көл кылаасы . . . . . . . . . . 23
Жылдыздар уясы . . . . . . . . . . 27
Көл күлкүсү . . . . . . . . . . . 29
**III Түштүк берген түшүмдөр**
Алп дарбаза . . . . . . . . . 31
Ошто . . . . . . . . . . . 33
Береке . . . . . . . . . . . 34
Кара-алма . . . . . . . . . 35
Салт . . . . . . . . . . . 37
Кара-Март . . . . . . . . . 38
Сезимим сенден ойгонду . . . 40

**IV Кавказ башаттары**
Жаштыктын суусу . . . . . . . . . . 41
Издер . . . . . . . . . . . . . . 43
Лермонтов мүрөгү . . . . . . . . 45
Поэзия чынары . . . . . . . . 46
Кавказды туман каптады . . . . . . 47
**V Жүрөк ыргактары**
Сен көзүмдөн кетпей койдуң ар убак . . 48
Жашоо . . . . . . . . . . . . . . . 49
Мен сага бэргым келет . . . . . . . . . 50
Сен менин — чынарымсың коктой турган . 50
Катылуу журот . . . . . . . . . . . . . 51
Айталбай жүрөм . . . . . . . . . . 52
Сен жок жерде . . . . . . . . . . 53